| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги I сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 28 - марты, № 1/2.1 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн алардын баштапкы ижара акысын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34 – “Айылдык аймактардын, шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин компетенциялары” жөнүндөгү беренесине жана Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктунун 22-пунктчасына ылайык Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн алардын ижара акысынын баштапкы баасын бекитип берүү боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарбасы жана жер маселелери боюнча жетектөөчү адиси С.Исмаиловдун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлеринин келишимдеги мөөнөттөрү аягына чыккан жер аянттарына аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн **1 га жер аянтына** ижара акысынын баштапкы баасы төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин:

- бак жана сугат айдоо аянттарына – **2000 сом;**
- кайрак айдоо аянттарына - **1600 сом;**
- чөп орунду аянттарына – **1400 сом.**

2. Жогорудагы белгиленген жер аянттарына аукцион өткөрүүдө бак аянтынты, сугат жана кайрак айдоо аянттары үчүн 1 лоттун өлчөмү **0,5 га,** чөп орунду аянттары үчүн 1 лоттун өлчөмү **1,0 га,** ал эми аукционго катышуучулардын баштапкы бааны көтөрүүдөгү эң төмөнкү кадамы **200 сом** болуп бекитилсин.

3. Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүүнү иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык ишке ашыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадыркулов**